# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН
# АНЫКТАМАСЫ

Алымбек Камаладинович Каримбаев, Медербек Тыныбекович Ташбаев жана Толгонай Жалиевна Доорованын өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2023-жылдын 3-октябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Ж.А. Шаршеналиев, К.А. Дуйшеев, К.Дж. Кыдырбаев, катчы Г.А. Оморкановайын катышуусунда А.К. Каримбаев, М.Т. Ташбаев жана Т.Ж. Доорованын кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

2023-жылдын 4-сентябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна А.К. Каримбаев, М.Т. Ташбаев жана Т.Ж. Доорованын Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин (мындан ары – ЖПК) 221-беренесинин 3-бөлүгү, 346-беренеси Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 3, 4, 5-бөлүктөрүнө, 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 98-беренесинин 4-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылууда баяндалгандай, 2021-жылдын ноябрь айында Толкунбек уулу Д. Жалал-Абад шаардык сотуна Т.Ж. Дооранова жана М.Т.Ташбаевге карата негизсиз байлыктын суммасын кайтаруу жана бөтөн адамдын акча каражаттарын пайдалангандыгы үчүн пайыздарды төлөтүп берүү жөнүндө доо арызы менен кайрылган. ЖПКтын 220-беренесинин 1-бөлүгүнүн 11-пунктуна

ылайык соттук отурумда жоопкерлердин өкүлү иштин материалдарын изилдеп, анын ичинде эч бир милдеттенмелердин жоктугунун негизинде “дайыны жок милдеттенме кайтарылууга жатпаганын” көрсөтүп, милдеттенме жок болсо талаштын предмети жок болоорун белгилеп, кайрылуу субъекттердин иш боюнча өндүрүштү кыскартып берүү жөнүндө өтүнүчү канааттандырылуусуз калтырылган.

Жалал-Абад шаардык соту тарабынан арыз ээлеринин апелляциялык даттануусу ЖПКтын 224-беренесинин 5-бөлүгүнүн жана 346-беренесинин талаптарына ылайык кайра кайтарылган.

Кайрылуу субъекттери талашылып жаткан ченемдер адамдын жана жарандын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын коргоолуусуна бир тараптуу чектөө жаратат жана тең укуктуулук принцибин жокко чыгарат деп эсептешет.

Ошону менен бирге арызздануучулар ЖПКте апелляциялык тартипте даттануу укугу каралганын белгилешет. Биринчи инстанциядагы соттордун мыйзамдуу күчүнө кире элек актыларына тараптар жана ишке катышуучу башка жактар апелляциялык тартипте даттануу келтире алат (323-беренесинин 1-бөлүгү); апелляциялык даттануу (сунуштама) апелляциялык инстанциядагы соттор тарабынан каралат (326-беренеси). Андан тышкары, аталган Кодекстин 350-беренесинде Кыргыз Республикасынын Жогорку соту кассациялык инстанциядагы сот болуп эсептелет жана укук ченемдерин колдонуунун тууралыгынын маселеси боюнча сот актыларын кайра карайт деп белгиленген.

Конституциянын 98-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, Жогорку соттун гана чечимдери даттанылбайт жана акыркы болуп эсептелет. Кайрылуу субъекттеринин пикиринде, калган инстанциядагы соттордун актыларына даттануу укугу мыйзам жана кодекстердин негизинде чектилиши Конституцияга туура келбейт.

Жогоруда баяндалган жүйөлөрдүн негизинде, арызздануучулар талашылып жаткан ченемдерди конституциялык эмес деп таанууну суранууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья-баяндамачы Ж.А. Шаршеналиевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Судьялар коллегиясы кайрылууну кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечүүдө, анда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүшүнө жол берилгендигине жана анын “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүнө таянат.

Конституциялык контролдун укуктук маңызы болуп, конституциялык принциптерге жана орнотмолорго каршы коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салууну тастыктаган укуктук мүнөздөгү ынандыруучу жүйөлөрдүн болуусунда ченемдик укуктук актылардын же алардын бөлүктөрүнүн Конституциянын талаптарына ылайык келүүсүн текшерүү саналат.

Ушуга байланыштуу, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамда Конституциялык сотко болгон кайрылууну тариздөөгө жана арызгануучу койгон маселе боюнча анын көз карашын негиздей турган бир катар талаптар караштырылган (19, 26, 27 жана 30-беренелер).

Жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык арызгануучу өз кайрылуусунда ал койгон маселе боюнча көз карашын жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тиешелүү ченемдерине шилтеме келтирүү менен анын укуктук негиздемесин көрсөтүүгө милдеттүү. Бул талап арызгануучунун жүйөлөрү фактологиялык эмес, укуктук мүнөздө болуп, конституциялык орнотмолор менен тутумдук байланышта туруп жана аны менен талашылып жаткан укук ченеминин жөнгө салуучулук таасиринин

конституциялуулугунда анык күмөндүүлүктү пайда кылышы керек дегенди билдирет.

Ал эми арызгануучулардын кайрылуусунда талашылып жаткан ченемдер менен Конституциянын тиешелүү ченемдердин арасында тутумдук укуктук байланыш жок экени көрүнөт. Арызгануучулар укуктук мүнөздөгү эмес фактологиялык жүйөлөрдү, тактап айтканда, укук колдонуу тажрыйбасындагы маселелерди баяндаган. Мындай жагдайда талашылып жаткан ченемдер аныксыздыкты жаратпайт.

Жогоруда аталган тыянактын негизинде, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Алымбек Камаладинович Каримбаев, Медербек Тыныбекович Ташбаев жана Толгонай Жалиевна Доорановaнын өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Өтүнүч жана ага тиркелген материалдар арызгануучуларга кайтарылып берилсин.

3. Аныктама үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Ж.А. Шаршеналиев

К.А. Дуйшеев

К.Дж. Кыдырбаев

№______